# Өзүңдүк болуп калалбай

С. А .Кожогулов, о. Б.Капаров

Өмүрүм өксүп өзүңсүз тостум таңдарды,

Өкүттө келем тагдырым коштоп армандуу.

Бакыттын кушун учуруп ийдим бир келген,

Баркыңды билип баалаган мендей жан барбы?

Кайырма:

Барайын десем баралбай,

Өзөндөй сага ага албай,

Жараткан берген белегим,

Өзөгүм өрттөп келемин,

Өзүңдүк болуп калалбай.

Өзүңдү эстеп ойлорго батып турамын,

Өзүңө алып кайра эле жөнөйт бир агым.

Таалайдын изин биз баскан жолдон издетип,

Тагдырым болгон таркабас менин кумарым.

Бир өзөн сырдуу буулугуп агат муңумдай,

Биз сүйүү менен жашадык окшойт кылымдай.

Бул күндөр турар сүйүүнү болгон терметип,

Бул дүйнө калар мен созгон мукам ырымдай